"Тарых жана мурас" түрмөгү

Тоо булбулу

# ТОКТОГУЛ



Илимий макалалар топтому

Бишкек - 2014

“Тарых жана мурас” түрмөгү

Серия «История и наследие»

Кыргыз Республикасынын Президентинин аппараты
Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча комиссия
Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Тарых илимин өнүктүрүү боюнча комиссия
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги
Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Жалал-Абат облусундагы ыйгарымдуу өкүлчүлүгү
Жалал-Абат облусунун Токтогул райондук акимчилиги
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы
Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети
Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарынын «Мурас» фонду
“Токтогул Сатылгановдун маданий мурасы” фонду
“Токтогул – 150” коомдук фонду
“Диалог Евразия” платформасынын Кыргызстандагы өкүлчүлүгү
“Кыргыз Тарых Коому” эл аралык коомдук бирикмеси

# Тоо булбулу Токтогул

*Кыргыздын залкар демократ акыны Т. Сатылгановдун 150 жылдык маарекесине арналган илимий жыйындын баяндамаларынын жана макалалардын топтому*

Бишкек - 2014

**В. Э. Анарбекова**
ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВДУН ЫРЛАРЫНДА КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮКТҮН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ ..... 66

**Дылнур Аңкаш кызы**
ТОКТОГУЛДУН ЫРЛАРЫНЫН ЖУҢГОДОГУ ТААСИРИ ЖАНА РОЛУ ..... 69

**С. Байгазиев**
ТОКТОГУЛДУН ЭТИКАСЫ ..... 72

**А. Бедельбаев**
ТОКТОГУЛ – ЭЛДЕРДИН ДОСТУГУНУН ЖАНА МАДАНИЯТЫНЫН ЖАРЧЫСЫ ..... 78

**А. К. Бектемирова, У. Ү. Бейшеналиева, М. И. Жолдошова**
МУЛЬТИМЕДИА ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫНЫН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН ПАЙДАЛАНЫП ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВДУН АКЫНДЫК ЖАНА ОЙЧУЛДУК МУРАСТАРЫН ОКУП ҮЙРӨНҮҮ ..... 82

**А. Р. Бикбулатова**
ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДА ТАТАР ЭЛИНИН ПОЭЗИЯСЫНЫН ОРДУ ..... 86

**Ж. А Дүйшеев, Г. Т. Токтогулова**
ТОКТОГУЛ, БАРПЫ, ЖЕҢИЖОКТУН КООМДУК-САЯСИЙ ОЙЛОРУН САЛЫШТЫРУУ ..... 88

**Ж. Ж. Жакыпбеков**
Анжиян көтөрүлүшү жана Токтогул Сатылганов ..... 93

**Г. Жумакунова**
ТОКТОГУЛДУН АРМАНДАРЫ ..... 95

**О. Э. Капалбаев**
АТА-БАЛАДАЙ УСТАТ-ШАКИРТ: ТОКТОГУЛ МЕНЕН КАЛЫК ..... 101

**О. К. Каратаев**
Т.САТЫЛГАНОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ОНОМАСТИКАЛЫК МААЛЫМАТТАР ..... 108

**А. К. Карыева**
ТОКТОГУЛ - УЛУУ АГАРТУУЧУ ..... 111

**Т. Кененсариев**
ТОКТОГУЛДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДА АЗАТТЫК ЖАНА "БАЙОО МОНАРХИЗМ" ИДЕЯЛАРЫНЫН ЧАГЫЛУУСУ ..... 113

**М. Көлбаева**
ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВ ЖАНА ЫРЧЫЛЫК ӨНӨР ..... 121

**М. Көлбаева**
ТОКТОГУЛ ЖАНА АЙТЫШ ӨНӨРҮ ..... 125

**А. С. Кутманова**
АКЫН-ДЕМОКРАТ ТОКТОГУЛДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ КОРРУПЦИЯНЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ ..... 128

**М. Мукасов**
АКЫНДАР ЖАНА Ч. АЙТМАТОВ ..... 131

**А. Т. Муратов**
ТОКТОГУЛ БАСКАН ЖОЛ МЕНЕН ..... 133

**Н. С. Мырзабаева**
ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДА ДИНГЕ КАРАТА КӨЗ КАРАШТАР ..... 137

**Н. О. Нарынбаева**
ТОКТОГУЛДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨРДӨ ..... 145

**В. Э. Анарбекова,**
**Казак кызы А.,**
ЖАМУнун окутуучулары
(Жалал-Абат ш., Кыргызстан)

# ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВДУН ЫРЛАРЫНДА - АЗАТТЫККА БОЛГОН ЫНТЫЗАРДЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

Токтогул Сатылгановдун ырларынын баалуулугу өз көзү менен кыргыз айылдарында айыгышкан тап күрөштөрүнүн, элдин азаттык үчүн болгон ынтызарынын күбөсү болгондугунда. Анын чыгармаларын ***«Октябрь революциясына чейин»*** жана ***«Октябрь революциясынан кийин»*** деп эки топко бөлүүгө болот. Анткени бири-бирине карама–каршы турган коомдук эки формациялык түзүлүштү көрдү жана экөөндө тең азаттык идеясын бийик ырдаган.

1. «***Октябрь революциясына чейинки мезгил»*** - XIX кылымдын 80 жылдарынан 1917 жылга чейин уруучулук уклад өкүм сүргөн убак:

- ***Кокон хандыгынын жана жергиликтүү бай-манаптардын кош эзүүсү*** 1798-жылдан баштап Кокон мамлекети Фергана чөлкөмүндө туруктуу административдик өлкөгө айланат жана анын чөлкөмдүк калыптануусу аяктайт. 1816-жылы Түркстан шаары алынып, Сыр-Дарыянын төмөнкү агымы Кетмен-Төбө өрөөнү Кокон хандыгына карап калган. 1821-жылы Намангандын акими Сейиткулбек Кетмен–Төбө кыргыздарын багындырган [1.312]. Хандык тушунда кетмен–төбөлүк манап Нарбото даткалык кылып, ал бийликти баласы Ырыскулбекке (1835-1885) [2.167] өткөрүп берген. Эл кош эзүүдө калган – Кокон хандыгынын жана жергиликтүү башкаруучулардын. Акын Кокон хандыгынын да эксплуатация саясатынын күбөсү болгон, анткени Кетмен-Төбөдөгү чептин аскерлери элди ырайымсыз жазалаган. Ал мезгил акындын бала чагына туура келет;

- ***Падышалык Россиянын кош эзүүсү:*** 1876-жылы 8-февралда М. Д. Скобелев тарабынан Кокон ордосу толук ээленип, хандыктын жоюлушу жөнүндөгү указга падыша Александр II 19-февралда кол койгон. 1865-жылы февралда Арал деңизинен Ысык-Көлгө чейинки аймакты камтыган Түркстан облусу түзүлгөн. Ага Ысык–Көл, Чүй, Талас жана Кетмен–Төбө өрөөндөрү карап, кийинчерээк Борбордук Теңир Тоо кирген. Түркстан облусунун алгачкы аскер губернаторлугуна генерал М. Г. Черняев дайындалган. 1867-жылы облус Түркстан ген-губернаторлугуна айланат да, анын чегинде Сыр–Дарыя (борбору Ташкент) жана Жети-Суу (борбору Верный) областтары түзүлөт. Жети-Суу облусунун аскер губернатору болуп Г. А. Колпаковский дайындалган. Облустар уезддерге, уезддер болуштуктарга бөлүнүп, аларга айылдар караган. Болуштуктар эки, үч миң түтүндөн, айылдар 100-200 түтүндөн турган. Болуштуктардын башкаруучулары – болуштар болуштуктун съездинде, ал эми айыл башчылары – старчындар айылдык чогулушта шайланган. Кыргызстандын калкы 73 болуштукка бөлүнүп, Кетмен-Төбө Суусамыр болуштугуна караган, аларды 3 жылдык мөөнөткө шайланган болуштар менен старчындыр башкарган. Жергиликтүү бийликти жүргүзүүгө булардан тышкары айыл аксакалдары, бийлер жана казылар катышкан. [3. 270-271]. Мисалы, акын комузду колуна алып, конуштардан-конуштарды кыдырып, өз чыгармаларын элге жеткирген, айрыкча манаптардын ээн баштыгына жана падышачылык колонизаторлорго каршы каардуу сөздөрүн айткан ***«Замана»*** деген ырында –

Байын сүйлөп, кедейди,
Тумчуктурган замана.
Кедейге байды кыйкыртып,
Унчуктурган замана.
Бий, старчын, болушун,
Курчуттурган, замана.

Кедейди – түлкү, байларды,

Бүркүт кылган замана. [4. 93-94]. Мында акын социалдык адилетсиздик менен коштолгон кадимки кыргыз турмушун чагылдырууда. Айрыкча калктын социалдык түзүлүшүндө ири байлар, манаптар оторчулук бийликтин таянычы катары орус администрациясына тартылып, алар болуш, старчын, бий кызматтарына ээ болушкан жана алар эзүүчү таптардын катарына киришкендиги даана айтылган.

Демек, XIX кылымды кыргыз элинин социалдык жактан ойгонушунун кылымы десек жаңылыштык болбос. Анткени Токтогул Сатылганов өз мезгилиндеги процесстердин күбөсү гана эмес, андагы адилетсиз көрүнүштөрдү сыпаттоочу да болгон. Чындыгында эле башка ырчыларга салыштыра келгенде Токтогул акындын жеке инсандык ойлору, эл турмушу жөнүндөгү ой жорутуулары, жашоонун философиясы болуп саналат. Айрыкча,

Айланган тоонун бүркүтү,
Ак жерден торго чалындым.
Көмүзду күүгө келтирген,
Колума кишен салышты – деген саптарда акын өзүн чексиз асманда шаңшыган эркиндиктин символу болгон бүркүткө салыштырып, бийликтин күнөөсүздөрдү күнөөлөгөн адилетсиздиги, эркиндикти, жыргал турмушту эңсеген (даңазалап жаткан) үмүт-тилектери жоюлгандыгын айтууда.

Башаттай тунук оргуган,
Бакытты жердин койнунан.
Алалбай алсыз жер жүрөт,
Азаттык күндүн жогунан [5. 88] – мында элге гана эмес жер энеге дагы азаттык керек, анткени жаратылыштагы керектүү заттар карапайым элдин керектүүсүн канаттандыра тургандыгын таасын айткан.

2. «***Октябрь революциясынан кийинки мезгил***» - 1917 жылдагы Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын жеңиши, жакшы жашоонун орношу жана өмүрүнүн аягына чейин. Мисалы ***«Кандай аял тууду экен Лениндей уулду»*** - деген ырында:

Он жетинчи жылында,
Октябырдын таңы атты.
Жаркылдаган большевик,
Жакшы заман жаратты.
Мусапырды кубантып,
Муңдууларга жол ачты.
Көп жылдар аккан тыйылбай,
Көздүн жашын кургатты.
Жетигиң Ленин куткарды,
Жезиттин [6] жаккан отунан.
Жетилип, кедей, кутулдуң,
Желмогуздун оозунан.
Желпинтип тууну көтөрдүң,
Жергелүү кыргыз тоосунан. [7. 89-90] – жалпы эле кыргыз элинин теңдик заманды каалашы тууралуу баяндалууда. 1917-жылы 25-октябрда (6-ноябрь) Петроградда В. И. Лениндин жетекчилигинде Убактылуу өкмөт кулатылды, Улуу Октябрь Социалисттик революциясы жеңип чыкты. Ал эми Кыргызстандын түштүгүндө 1917-жылы ноябрда Сүлүктү, Кызыл-Кыяда, декабрда Жалал-Абадда, 1918-жылы январда Ошто, өлкөнүн түндүгүндө болсо 1917-жылы октябрда Пишпекте, Таласта декабрда. Ошентип, 1918-жылы жай айларында совет бийлиги Кыргызстандын бардык жерлеринде орногон [8. 317].

Ал кезекте мен дагы,
Айдоодо жүрүп ыйлагам.
Алсырап жатып туткунда,
Айлымды самап ырдагам.
Кыйноону тартып алтын баш,

Кырк кабыргам кыйраган.
Ырыска бүткөн Ленин,
Ыйынды басты кыйладан. [9.90] – Владимир Ильич Ленин (Ульянов) (22.04.1870-21.01.1924) пролетариаттын революционери «Улут маселеси боюнча сын заметкалар» (1913-ж) [10] жана «Улуттардын өз тагдырын өзү чечүү укугу жөнүндө» (1914-ж) [11] деген эмгектеринде эзилген карапайым элди кулчулуктан куткаруу жана азаттыкка жеткирүү идеясы болгон. Мындан улам Орто Азия элдерин анын ичинде кыргыз эли үчүн чоң мааниге ээ болгондугу тарых барактарында белгилүү, ошондой эле акындын ырларында да далилденүүдө.

Бир тилектеш, бет алып,
Турган элди карачы.
Ала Тоодой кайратын,
Жыйган элди карачы.
Эркек, аял, кары-жаш,
Укугу теӊ бипбирдей.
Жыргал элди карачы! [12. 100]
Түбөлүк шордон кутулуп,
Кедейлер, багыӊ ачылды.
Бечара, карып, кедейге,
Ушул заман туулду.
Байларды айдап арандан,
Бийик көтөр туунду! [13. 95] – социалдык коомдук өзгөрүүлөрдү, турмушта канат жайган жаңылыктар талбай жүргүзүлгөн эмгектин аркасында жүзөгө ашкандыгы тарыхый чындык экенин туура түшүнүп, аны эргүү менен кайра-кайра ырга салган.

Эзилип жүргөн кедейге,
Энчисин бөлүп жер бердиң.
Кайгыда жүргөн элиме,
Кайрат – кубат дем бердиң.
Ушунчалык жыргалды,
Урматуу Ленин сен бердиң! [14. 106] В. И. Ленин башында турган Советтердин Бүткүл россиялык 2–съездинде тынчтык жана жер жөнүндөгү маселелер каралып, эки маселе боюнча Совет мамлекетинин алгачкы декреттери (мыйзамдары) кабыл алынган. «Жер жөнүндөгү» декрет боюнча жерге болгон помещиктердин менчиги жоюлуп, аны мамлекеттин байлыгы катары дыйкандарга пайдалануу үчүн бекер берүү чечилген. Ага ылайык Кыргызстанда да 2 этап менен 1921-1922-жж, 1927-1928-жж Жер-суу реформасы жүргүзүлгөн. Акын өз цитаталарында мемун журтчулуктун жыргал жашоого жеткендиги тууралуу баяндоодо.

В. И. Лениндин айтуусу боюнча « … баарыдан мурда окуганды, жазганды үйрөнүү жана окуганды түшүнүү» зарыл болгон. Ал сабатсыздыкты жойбой туруп, жаңы коомду курууга болбойт деп белгилегендей [15. 293] акын кыргыз элинин сабатсыздыгына кейип, өзү да «Мектепке атам берген жок, мааниге тилим келген жок» - деп арман кылган. Бирок, акын билим деңгээлинин чектелгендигине карабастан мезгилдин шартына ылайык өзүнүн зирек ой жүгүртүүсү менен патриархалдык–феодалдык турмуш шартында кыргыз коомунун рухий маданиятынын өнүгүүсүндө чоң роль ойногон. Өз чыгармаларында эмгекчил элдин өзүн–өзү аңдоо, таанып билүү сезимдерин ойготуп, коомдун социалдык-экономикалык турмушун сүрөттөгөн.

Демек, Токтогул Сатылганов өз заманынын социалдык, таптык мамилелерин чебер талдоого алып, тенчилик идеясын жогору койгон ырлары менен элдин калың катмарына белгилүү болгон. Ал өз доорунун далай чыгаан акындарына жол көрсөтүп, акыл насаатын айтып турган. Карапайым калктын мүдөөсүн көздөп, бай–манаптын зулумдугун ашкерелеп ырдаган. Тарыхтын татаал мезгилинде жашап, калың элди аралап өзүнүн адилеттүүлүгүн көрсөтүп, кошоматчылык кылбаган инсандык касиети үчүн азап-тозокко түшкөн. Октябрь

революциясы жеңген убакта акын элүү үч жашта болгон. Ал мезгилди өмүрүнүн тең жарымынан көп убагына чейин күткөн. Акын өз тагдырын элдин тагдырынан үзбөй бирге караган. Эзилген эмгекчи калкты бак–таалайлуу жаңы заманга, эркиндик, теңдикке чыгууга, бирдиктүүлүккө чакырган жалындуу чыгармаларды жараткан.

## ШИЛТЕМЕЛЕР:

1. Кыргыз тарыхы энциклопедия. Бишкек.,2003. 312 бет
2. Кетмен Төбө өрөөнүнүн энциклопедиясы. 167 бет
3. Осмонов О. Ж, Асанканов А.А. Кыргызтан тарыхы (эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). Бишкек.,2003. 270-271 бб
4. Токтогул. Чыгармалар жыйнагы. Фрунзе.,1968. 2 том. 93-94 бб.
5. Токтогул. Чыгармалар жыйнагы. Фрунзе.,1968. 2 том. 88 б.
6. Жезит – шүмшүк деген мааниде
7. Токтогул. Чыгармалар жыйнагы. Фрунзе.,1968. 2 том. 89-90 бб.
8. Осмонов О. Ж, Асанканов А.А. Кыргызстан тарыхы (эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). Бишкек.,2003. 317 б
9. Токтогул. Чыгармалар жыйнагы. Фрунзе.,1968. 2 том. 90 б.
10. Ленин В. И. Тандалган чыгармалар. 3 том. Фрунзе.,1962
11. В. И. Лениндин улут маселеси жөнүндөгү теориясы менен программасынын Кыргызстанда ишке ашырылышы. Фрунзе., 1970
12. Токтогул. Чыгармалар жыйнагы. Фрунзе.,1968. 2 том. 100 б.
13. Токтогул. Чыгармалар жыйнагы. Фрунзе.,1968. 2 том. 95 б.
14. Токтогул. Чыгармалар жыйнагы. Фрунзе.,1968. 2 том. 106 б.
15. Ленин В. И. Чыгармалардын толук жыйнагы. 45 том. 293 б.

**В. Э. Анарбекова,**
ЖАМУнун окутуучусу
(Жалал-Абат ш., Кыргызстан)

# ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВДУН ЫРЛАРЫНДА КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮКТҮН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

Кыргыз эли элдик оозеки чыгармачылыкка гана эмес кол өнөрчүлүккө да бай. Кылымдардын кыйырын басып өз ичине элдин тарыхын, басып өткөн жолун камтып келет. Аны айрыкча көрүп – билген талант ээлери даңазалап, калың элдин катмарына жеткирет. Тоо булбулу Токтогул өскөн айылда өз заманында айтылуу усталар арбын чыкканы эл оозунда айтылып келе жатат. Мунун далили катары Токтогул Сатылгановдун Кетмен-Төбө өрөөнүндө жашаган Кулуке атуу устанын усталык өнөрүн ырдаганын айтууга болот.

Уста болсоң Кулукедей уста бол,
Кыргыз элдин ичинде.
Өлбөй турган нуска бол;
Темирди отко эриткен,
Телегей уста дедирткен.
Найза, мылтык жасаган,
Зергерчисиң атанган.
Күмүш жабдык жасаган,
Кулукесиң атанган.
Комузга күмүш жалаткан,
Кулуке кур калбайсың санаттан.
Көп жарак жасап бербейт деп,
Кордукту көрдүң манаптан. [1. 39-40].

Бул маалыматтарды биринчи жолу 1973 жылы жай айында атайын Кыргыз ССР Илимдер Академиясы тарабынан уюштурулган экспедицияда эл оозунан жаздырып алынып, кол жазмалар фондуна тапшырылган. Аны Жалал-Абад мамлекеттик университетинин тарых илимдеринин профессору Сулайманов Эртабылды Жолдошевич "Традиции обработки металлов у киргизов" [2] – деген китебинде жогорудагы ыр саптарын мисал катары берет. Ал эми Амантур Акматалиев "Кыргыздын уз - усталары" [3] – деген китебинде Кулуке устанын туулган, өлгөн жылы белгисиз деп жазат. Бирок, Кетмен Төбөдөн чыккан уста Кулуке Саякбай уулу 1870-жылы туулуп, 1937-жылы 77 жаш курагында дүйнөдөн кайтат. Чындыгында Кулуке устанын узануудагы жекече ыкмалары жазылбай калган. Ал көркөм буюмду төп келтире кармаган. Эркектер жана аялдар үчүн зер жасалгалары, асемдүү үй буюмдары, ат жабдыктары Кулуке устаныкы экени дароо таанылган. Бүгүнкү күндө дагы айыл арасынан жолугат. Анткени, андай баалуу мурастарды калк өзү барктаган. Элдик өнөрдүн өткөндөгү эстеликтери катары өз ордун тапкан. Бул устанын колунан чыккан буюм-тайымдарга түшкөн сыйкырдуу көркөмдүктөр улам убакыт өткөн сайын жүзүнө чыгып, анын бул өнөрү өзүнө тургузган эстелиги катары туюлат.

Кулуке кытай уруусунун чоодан уругунан чыккан. Анын сегиз эркек баласы жана үч кызы болгон. Улуу баласы Момункул (1890-1974) Токтогул райондук ооруканасынын бөлүм башчысы жана ата өнөрүн улаган уста болгон. Булардын өнөр үрөнү тереңге сиңип, текши өнүп, калктын жүрөгүндө бүгүнкү күнгө чейин турат. Кайран тириликтин өкүм зордугу менен кара жандарын карч уруп калк үчүн кажыбай узануулары карт тарыхтын биринчи барагынан берки мыйзамдуу көрүнүш экенин эч ким тана албайт. Кулуке устанын небереси Момункул кызы Кыркаяк "Эненин сөзү" деген китебинде мындай деп эскерген жери бар: "Менин балалыгым чоң ата, чоң энем менен бирге өттү. Чоң атам жараткандын буйругу менен энеден туулганда талანттуу жан эле. Ал кол өнөрчүлүккө, дарыгерликке жөндөмдүү, жаңы бир нерсени ойлоп табууга, аны жасоого шыктуу болгон. Чоң атам кыргыз билим дегенди билбеген доордо туулуп, эмгектенип, жашап өтүшү анын тарыхта белгисиз калышына себеп болду" [4].

Чындыгында Кулуке жалгыз гана устачылык менен алектенбестен дарыгерлик жөндөмгө да ээ болгон. Мисалы, Шайназар деген адамды Рыскулбектин балдарынын сүзөөнөк букасы кардын жара сүзөт. Сапарга жөнөп жаткан Кулукеге Шайназардын кардын бука жара сүзүп, ичегеси чубалып калганын билдирип чабарман келет. Анын ичеги – кардын тазалап (карындын өзү эмес, чел кабыгы жарылган), жаратын тигип өзү жасаган дарыдан сыйпап, жууп жүрүп айыктырган экен.

Улак тартышта Ити деген адам жыгылып, ташка тийип жоон сандан сынып бут сөөгү талкаланып кеткен дешет. Шакшак коюуга ыңгайсыз болгон. Буту талкаланган жерден кесип, канын кайнаган майга малып токтотуп, аны да дарылап айыктырып адам катарына кошкон экен. Жогорудагы эки адам алтымыш – жетимиш жаштан ашык жашап, уста Кулукеге таазим кылып жүрүп өтүшүптүр. Андан сырткары буту сынып калган итинин бутун да айыктырып, ал эл арасында "Кулукенин чолок ити" деген атка конгондугун да айтып жүрүшөт. Бүгүнкү күнгө чейин Кулукенин урпактары Момункулов Кубаныч Кудашович Токтогул районундагы ооруканада дарыгерлик кызматты аркалайт. Анткени, булардын тукумунда устачылык гана эмес дарыгерлик касиет да бар экен.

Кулуке менен акын Токтогул Сатылганов замандаш болгон. Токтогул 1898-жылы Анжиян көтөрүлүшүнө катышты деген жалган жалаа менен Сибирге айдалып, 1905-жылы сүргүндөн качат. Ал эми 1910-жылы июлда аксылык Жуманаалы болуш отуздай жигити менен келип түн жамынып үйүндө жаткан жеринен акынды Наманганд ын түрмөсүнө өткөрүп берет.

Пирговар [5] кагаз жазыңар,
Бир болуш мөөрүн басыңар.
"Мейли айдалсын" дегидей,
Мен эмес, элим, касыңар. [6.]

Ал жерде алты ай отурат. Ошондо уста Кулуке болуштун атынан жасалма мөөр жасап, көпчүлүк калктын суроосу менен Токтогулду абактан бошотуп алган дешет. [7. 2].

Калыктын 1939-жылы тапшырган материалы боюнча: Сокучу деген бир уруу эл бар экен, кеч кирип калгандыктан ушунда конуп алууну ылайык таап, бастырып бара жатышса беш – алты үй туруптур. Анын орто ченинде чоң кара алачыктын ичинен уу – чуу чыгат. Жакын барып кулак түрүп токтой калышса, туурдукту шыкаалаган кыз – келиндер. Бул үй Карымшак деген бозокордуку экен. Ошол жерде Токтогул шакирти Калык Акыевди элге тааныштыруу ырында:

Атың Калык өзүңдүн,
Атаңдын аты – Акы уста.
Тыпырайтып үйлөрдү,
Жыгачка мыкты кыргызда [8].

– деп айткан жери бар. Калыктын атасы Акы Ажыбай уулу уук – керегe, боз үй жасап, уста атанган. Ошондой эле мылтык кармап, мергенчилик өнөрдү дагы кошо ала жүрүп, айылын кайберендин эти менен баккан күндөрү көп болуптур.

Акын Токтогул Сатылгановдун "Үлгү ырында" –

Бычактын көркү кынында,
Жылкынын сыны кулунда.
Темирдин көркү өгөөдө,
Жыгачтын көркү мөмөдө [9].

Мында да кол өнөрчүлүктү үлгү ырларынын мисалы катары кошуп ырдаган.

Жакшы болсо алганың,
Тап кушундай талпынат.
Үйүнүн ичин саймалап,
Сарамжалы артылат [10].

Мында аял кишинин үй тиричилигинде сарамжалдуулугу, кол иши, тыкан жана тазалыгы сөзсүз болуш керек деген мааниде. Ошондуктан элибизде "вазир жакшы хан жакшы, аял жакшы эр жакшы" деп бекеринен айтылбаса керек.

Демек, демократ акын Токтогул Сатылгановдун жогоруда мисал келтирилген ырларында кол өнөрчүлүктүн чокусунда байыртадан жашаган уюткулуу калкыбыздын, жалпы эле карапайым элдин турмуш – тиричилигин чагылдыруу аркылуу кадимки кыргыз жашоосун сүрөттөгөн.

## ШИЛТЕМЕЛЕР

1. Кыргыз илимдер академиясы. Коомдук илимдер бөлүмү. Кол жазмалар фонду. Инв. № 5168, п.№3, 39-40 бб
2. Сулайманов Э.Ж. Традиции обработки металлов у киргизов. Фрунзе, 1983. С. 84-85
3. Акматалиев А. Кыргыздын уз - усталары. Фрунзе., 1997. 128 бет
4. Момункул кызы Кыркаяк. Эненин сөзү. [Бишкек.,1997. 4 бет
5. Пирговар - кечирим суроо сыяктуу өтүнүч арыз
6. Токтогул. Чыгармалар жыйнагы. Фрунзе.,1968. 1 том. 288-289 бб
7. Информатор. Садыралиева Майрамбүбү. Токтогул району., 2014
8. Токтогул. Чыгармалар жыйнагы. Фрунзе.,1968. 1 том. 238-247 бб
9. Токтогул. Чыгармалар жыйнагы. Фрунзе.,1968 1 том. 78-80 бб
10. Токтогул. Чыгармалар жыйнагы. Фрунзе.,1968. 1 том. 252 бет